**«Бекитемин»**

Эл аралык Мета-Илим университетинин

проректору ____________ З.С.Низалиева

« 17 » май 2024-ж.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын жайылтылышы тууралуу**

**АКТ**

**1. Ишке ашыруунун автору: Шатманалиевдин Болотбек Аманович**

**2.Илимий иштин аталышы: «Кесиптик орто билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары»**

**3. Аннотация:** Изилдөөдө орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун натыйжалуулугун өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү педагогикалык шарттар, орто кесиптик окуу жай системасынын азыркы абалы анализге алынып, кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууну жакшыртуунун план-программасы, модели иштелип чыкты. Башкаруу ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо маселеси ушул максатта эл аралык деңгээле атайын иштелип чыккан системага JSO сериясы 9000:2000 жана эл аралык сапат стандарттарында ишке ашырылган TQM - Total Quality Management (Total Quality Management) концепциясынын негизинде иштелип чыккан критерийлер жана буларды негиздеп турган илимий парадигманын актуалдуугуна такалаары аныкталды. Билим берүү жана тарбия иштеринин сапатын мындай системалуу башкаруу - билим берүү тармагындагы башкаруунун жаңы парадигмасы катары каралып, окуу-тарбия иштерин башкаруу ишмердүүлүгүнүн ушул парадигманын алкагында калыптануусу башкы педагогикалык шарттардын бири катары каралды.

**4. Натыйжаларын ишке ашыруу эффектиси**. Педагогикалык шарттардын, окуу-тарбия иштеринин планы-программасы жана моделдин натыйжалуулугу эксперименталдык жактан текшерилди, аларды орто кесиптик билим берүү уюмунун окуу-тарбия иштерине киргизүү боюнча

практикалык сунуштар иштелип чыкты. Анализ көрсөткөндөй, кадр саясаты методологиялык, уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, укуктук жана башка проблемалары жана аларды чечүү менен, ал эми орто кесиптик билим берүү жаатындагы окуу-тарбия иш процесстерин башкаруу, билим берүүнүн сапатын көтөрүү маселеси тиешелүү ресуртардын болушуна, айрыкча азыркы учурда маалыматтык-технологиялык колдоо, логистика жана башка шарттарга тыгыз байланыштуу экендиги белгилүү болду. Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы, алынган көрсөткүчтөрү орто кесиптик окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруунун системасын өнүктүрүү боюнча сунушталган багыттардын натыйжалуулугун көрсөттү.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы**. Диссертациялык иште сунушталган кесиптик орто билим берүү мекемелеринин башкаруу потенциалын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан окуу курсу, окуу-тарбия иштерин башкаруу боюнча план, программа, модель Эл аралык Мета-Илим университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүнүн (колледж) тармагын башкаруучу кесиптик орто билим берүү бөлүмүнүн иш практикасында 2023-2024 - окуу жылында пайдаланылды.

**6. Ишке ашыруу формасы**. Эл аралык Мета-Илим университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүн (колледж) башкаруучу кадрлар кеңешмесинин ишин ченемдик-методикалык жактан камсыз кылуу үчүн автор тарабынан иштелип чыккан Колледждин башкаруу кадрларынын мектеби жөнүндө жобо (педагогикалык кеңштин чечими менен 2023-жылдын 31 - январындагы № 4) бекитилди. Бөлүмдөрдүн ишин баалоонун рейтингдик системасы киргизилди (Кесиптик орто билим берүү бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө рейтингдик баа берүү жөнүндө жобо.). Диссертациялык иштин айрым жоболору, пландары директордун окуу иштери боюнча орун басарларынын ишинде пайдаланылды. Ошондой эле, кесиптик орто билим берүү мекемелеринин директорлорунун семинар-кеңешмесинде «Педагогикалык кадрлардын кесиптик билим сапатын жогорулатуу жана кесиптик өсүшү үчүн кесиптик орто билим берүү бөлүмүндө шарттарды

түзүү» талкууга алынды. Эл аралык Мета-Илим университетинин кесиптик орто билим берүү бөлүмүнүн эмгек жамаатына төмөндөгү рекомендацияларды кароо жагы сунушталган: 1) Кесиптик орто билим берүү мекемесинде башкаруу вертикалын чындоо жана резервдик кадрлар менен иштөө; 2) Кесиптик орто билим берүү уюмдарынын жетекчилерин мамлекеттик аттестациялоо боюнча методикалык сунуштар. Диссертациялык иштин материалдары шаардын кесиптик орто билим берүү бөлүмдөрү тарабынан уюштурулган бир катар конференцияларда сунушталган жана катышуучулар тарабынан пайдаланылган.

1. Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжинин директору ____________ Азылов Н.К.
2. Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжинин мугалими, ф.и.к., доцент ____________ Каниметов Э.Ж.
3. Эл аралык Мета-Илим университетинин колледжинин ага окутуучучу ____________ Орозакунова Б.О.